## Мунай рыногу

**2012 –жылдын жыйынтыктары**

2012-жыл ичинде энерго алып жүрүүчүлөргө дүйнөлүк баалар бүтүндөй жыл ичинде волатилдүү болгон. 2012-жылдын биринчи чейреги ичинде мунайга баа кыйла өскөн. Жакынкы Чыгыштагы туруксуз саясый жагдайдын себебинен мунайды берүүлөр жагында үзгүлтүктөр, ошол мезгилдеги баанын жогорулашына өбөлгө түзгөн негизги фактордон болгон. 2012-жылдын орто ченине АКШнын, Европанын жана Кытайдын төмөн жигердүүлүктөгү иши мунайга дүйнөлүк суроо-талаптын жана баанын кескин төмөндөшүнө алып келген. Ошого карабастан, Түндүк деңизден мунайды алып келүү жагында үзгүлтүктөрдүн орун алышынын жана Жакынкы Чыгыштагы кагылышуулардын алкагында, август айына дүйнөлүк рыноктордогу баа кыйла жогорулаган. Мунайга дүйнөлүк баа динамикасына туруксуздук, Еврозонадагы экономикалык жагдай, Кытайдын экономикалык өсүш арымы, АКШны сандык арылтуу программасынын үчүнчү баскычын ишке киргизүү, “Сэнди” ураганы, АКШнын салык-бюджеттик маселесин чечүү менен шартталган. 2012 жылда мунайдын негизги сортторуна (Urals, Brent, WTI) болгон баа, бир баррели 77,72 – 129,9 АКШ доллары диапазонунда термелген, же 3,1-1,8 пайыз 2011 жылдын көрсөткүчкө караганда өдө.

**Мунай рыногунун учурдагы абалы**

2012-жылы Кыргызстанда КММ рыногундагы жагдайга таасирди, Россиянын мунайды кайрадан иштетүүчү заводдорунун (НПЗ) пландык ремонттон өткөрүү максатында жабылышы, жазгы-талаа иштери жана түшүм жыйноо иши башталышган мезгил ичинде КММга баанын сезондук жогорулашы тийгизген.

2012-жылдын 20-декабрынан 2013-жылдын 20-январына чейинки мезгил ичинде мунай рыногуна мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө, негизги сортторго (Urals, Brent, WTI) баа, баррелине 87,5 - 114,4 АКШ доллар диапазонунда өзгөрүп турган.

Мунайга болгон орточо баалардын өзгөрүшү:

| *Мезгилге карата орточо* | Urals | | Brent | | WTI | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **өзгөр**, *өткөн мезгилге % менен* | **баалар**, *USD / баррель* | **өзгөр**, *өткөн мезгилге % менен* | **баалар**, *USD / баррель* | **өзгөр**, *өткөн мезгилге % менен* | **баалар**, *USD / баррель* |
| 20.11.2012-14.12.2012 | 109,0 | 100,9 | 110,5 | 100,9 | 86,7 | 100,6 |
| 20.12.2012-20.01.2013 | 110,6 | 101,5 | 112,5 | 101,8 | 92,1 | 106,2 |

***Маалымат булагы:*** *«Reuters» МА*



2012-жылдын декабрь айынан 2013-жылдын январь айына чейинки мезгил ичинде мунай котировкаларына орточо баа көбөйүү тенденциясын сактап келген.

Баанын өсүшүнө төмөнкү дүйнөлүк окуялар таасирин тийгизген:

- *Кытай макростатистикасы.* Декабрь айында Кытайдын жогорку тышкы тоорук көрсөткүчтөрү мунайга бааны колдоп турган. Бул өлкөдөгү инфляция божомолдонгон маалыматтардан жогору түптөлгөн, бул ошондой эле тобокелдикти күчөтүшү мүмкүн жана айрым инвесторлордун пайдасын мунай рыногуна багытташы мүмкүн.
- *АКШдагы салык-бюджет саясатынын проблемалары.* Республиканецтер менен демократтар ортосунда бюджеттик маселе боюнча сүйлөшүүлөр жакында чечилет. Эки тарап тең документтин айрым пункттары боюнча өз кызыкчылыктарын жактоодо.
- *Жакынкы Чыгыштагы жагдай.* Инвесторлордун мунайды Жакынкы Чыгыштан ташуу боюнча кооптонуулары, Сириядагы согуш аракеттерин күчөтүүдөн, Алжирдеги Ии Аменас мунай-газ комплексине террористтик чабуулдан, Ирандын аскердик окутууларынан, Перс булуңундагы катуу шамалдан улам, баанын өсүшүнө таасирин тийгизген.

**Кыска жана орто перспективаларга прогноздор**

«Альфа-Капитал» башкаруу компаниясынын эксперттеринин пикири боюнча, эгерде АКШнын салык-бюджет саясаты ийгиликтүү кабыл алынса, Еврозонанын карыздык проблемалары жабылса, ошондой эле Кытай экономикасынын өсүшү жогоруласа, 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында мунайга баа өсүш тенденциясына ээ болот. Бүтүндөй алганда эксперттер, мунайдын орточо баасын баррелине 100-110 долл. диапазонунда белгиленишин күтүшүүдө.

***ОПЭК***

2012-жылдын декабрь айында ОПЭКтин орточо күндүк өндүрүшү картел тарабынан белгиленген 30 млн. лимитте суткасына 30,37 млн. барр. түзгөн. ОПЭК өлкөлөрү кезектеги отурумдун жыйынтыгы боюнча мунайга суроо-талап божомолдоосун төмөндөткөн, ал башка өлкөлөрдө өндүрүүнүн өсүшүнө байланыштуу, 2013-жылы катышуучу өлкөлөрдө суткасына 29,7 млн. барр. чейин өндүрүлгөн.

ОПЭК мунайын ири өндүрүүчү Сауд Аравия өлкөсү, 2012-жылдын декабрь айында орточо күндүк өндүрүү көлөмүн мурунку ноябрь айындагы суткасына 9,49 млн. барр. деңгээлден суткасына 9,0 млн. барр. деңгээлге чейин азая тургандыгын билдирген. Мындан тышкары өндүрүүнү Иран менен Ирак да кыскарткан.

***ЭЭА***

Эл аралык энергетика агенттигинин (ЭЭА) эксперттери өздөрүнүн 2013-жылга дүйнөлүк экономикасынын мунайды жана мунай заттарын керектөө божомолдоолорун карап чыгышкан. Божомолдоолор өткөн ай боюнча суткасына 240 миң баррелден суткасына 90,8 млн. барр. чейин жогорулатылган.

ЭЭАнын пикири боюнча ОПЭКтен тышкары өндүрүү суткасына 980 миң баррелден - суткасына 54,3 млн. баррелине чейин өсөт.

***Казахстан***

2011-жылдын акырында «Атырау мунайды кайра иштетүү заводу” (АНПЗ) менен курамында «Sinopec Engineering»(КНР) жана «Marubeni Corporation» (Япония) консорциум ортосундагы келишимге кол коюлуп, ал 2012-жылдын декабрь айында күчүнө кирген. Мунайды жеткире иштеп чыгуу комплексин куруу иши (Комплекс), Казакстандын мамлекеттик тездетилген

индустриялык-инновациялык өнүктүрүү программасынын алкагында ишке ашырылат. Комплекс жылына 2 млн. 400 миң тонна сырьену кайра иштетүүгө эсептелинген. Ал АНПЗга жогорку деңгээлдеги октанга ээ бензинди, авиациялык жана дизель отунун өндүрүүнү көбөйтүүгө мүмкүндүк берет. Долбоорду жүзөгө ашыруудан мунайды кайра иштетүү тармагын гана эмес, бүтүндөй Казакстандын мунай-газ комплексин өнүктүрүүдөн көз каранды. Комплексти куруу менен мунайды жеткире кайра иштетүүнү 85 пайызга чейин көбөйтүүгө жана Евро-5 талаптарына ылайык келген мотор майларын өндүрүүгө мүмкүндүк берет. Долбоордун баасы – 1 679 млн. АКШ доллары. Жүзөгө ашыруу мөөнөтү - 41 ай.

«Казинформ» МА билдирүүсү боюнча, «ҚазТрансГаз Аймақ» («КазТрансГаз» АК туунду уюму) компаниясы Жамбыл областындагы «Кордай-Шу» жогорку басымдуу газтүтүктөрүн куруу долбоорун ишке ашырды. 2012-жылдын декабрь айынын акырында жылына 462 млн. куб. кубаттуулугу менен жана өздүк каражаттары менен «ҚазТрансГаз Аймақ» АКнын наркы болжолу менен 4 млрд. тенгеге бааланган жогоруда аталган объект ишке киргизилген.

***Россия***

2012-жылдын 24-декабрына карата баага салыштырмалуу, 2013-жылдын 14-январына карата абал боюнча бензин жана дизель отунуна Россиядагы чекене баанын өзгөрүүсү боюнча баалар жана маалыматтар.

| | **24.12.2012** | **14.01.2012** | **Өзгөрүү, % (+/-)** |
|---|---|---|---|
| | *баасы, орус рубли* | *баасы, орус рубли* | *өткөн каттоого карста* |
| **1.Автоунаа бензини** | **28,80** | **28,91** | **+0,4** |
| *анын ичинде*: | | | |
| АИ-80 маркасы | **26,44** | **26,61** | **+0,1** |
| АИ-92 маркасы | **27,98** | **28,08** | **0,3** |
| АИ-95 маркасы жана андан жогору | **30,67** | **30,78** | **+0,4** |
| **2.Дизел отуну** | **30,88** | **31,12** | **+0,7** |

***Булагы:*** *РФ мамлекеттик статистикасынын федералдык кызматы*

Россия Федерациясынын мамлекеттик статистикасынын федералдык кызматынын маалыматтары боюнча 2013-жылдын 14-январына карата абал боюнча бензинге орточо керектөө баа 2012-жылдын декабрь айынан тартып 0,4 пайызга, ал эми дизель отунуна – 0,7 пайызга көбөйгөн. Мурда оздукталып турган баанын, отунга суроо-талаптын кескин өсүшү, учурда Россияда бензинге баанын өсүшүн шарттаган.

2013-жылдын 14-январынан тартып Москва НПЗсы мурдагы бензинге майда чекене бааны жогорулата баштаган. Аи-92 маркасындагы бензинге баа тоннасына 500 рублге жогорулаган.

Москва НПЗсы 2013-жылдын экинчи чейрегинде толугу менен Европа-5 экологиялык классындагы отунду өндүрүү жагына өтөт. Бул учурда өндүрүү наркы көбөйөт, бирок ошол эле учурда завод энергия натыйжалуулукту жогорулатат, көптөгөн процесстерди оптималдаштырат. Ошондуктан, продуктту өндүрүүгө чыгашалардын өсүшү, энергоресурстарын керектөөнү азайтуу менен теңдештирилиши күтүлүүдө.

2013-жылдын 1-январынан тартып Россиядан мунайды экспорттоого алым тоннасына 395,6 долларга чейин төмөндөйт (мурда тоннасына 396,5 доллары). Чыгыш Сибирь, Каспий өндүрүү жерлеринин жана Жарылуучу

жерлердин мунайга жеңилдетилген чени 1-январдан тартып учурдагы тоннасына 193,3 АКШ доллардан 192,7 долларга чейин төмөндөйт.

“АК Транснефть” ААКсы дүйнө жүзү боюнча түтүктөрдү өткөрүүчү эң ири компаниясы, экинчи мунай түтүктөрүн – “Чыгыш Сибирь — Тынч океан” (ВСТО-2) ишке киргизди. Анын кубаттуулугу келчекте 50 млн. тоннага чейин көбөйтүү менен 30 млн. тоннаны түзөт. “Чыгыш Сибирь — Тынч океан” системасы боюнча Россия Федерациясы Азия-Тынч океан регионунун өлкөлөрүн, ошондой эле ички рынокту мунай менен камсыз кылат.

2013-жылдын 1-февралынан тартып Россия Федерациясында мунайга экспорттук алым тоннасына 7,7 АКШ долларына же 403,3 долларга чейин жогорулашы мүмкүн. Бул сумма, мониторингдин орточо баасынан жана мунай тармагында салым салуу режимине ылайык экспорттук алымын эсептөө формуласынан улам келип чыгат.

Россия Федерациясынын Энергетика министрлиги 2013-жылдын жай мезгилине, мунай заттарынын ички рыногун монополияга каршы жөнгө салуу системасынын ачык-айкындуулугун түзүү үчүн “Россия Федерациясында мунайды жана мунай заттарын жүгүртүү жөнүндө” мыйзамга түзөтүүлөрдү иштеп чыгат. Негизги идея – катышуучуларга ФАС жана салык кызматы тарабынан басым жасоо балансын камсыздоо.

***Кыргызстан***

2012-жылдын декабрь айынын бааларына салыштырмалуу 2013-жылдын январь айы үчүн бензин жана дизель отунунун орточо чекене бааларынын өзгөрүшү боюнча баалар жана маалыматтар.

| Шаарлар | АИ-95 | | АИ-92 | | ДТ | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Баасы, сом менен** | **өзгөрү-шү, % (+/-)** | **Баасы, сом менен** | **өзгөрү-шү % (+/-)** | **Баасы, сом менен** | **өзгөрү-шү % (+/-)** |
| Бишкек | 41,90 | -0,52 | 39,24 | -0,78 | 39,60 | 0,32 |
| Каракол | 40,20 | 1,77 | 38,11 | -0,15 | 39,04 | -0,05 |
| Джалал-Абад | 44,33 | -0,96 | 41,36 | -1,16 | 41,87 | - |
| Нарын | 42,05 | -0,53 | 39,07 | -0,43 | 40,00 | - |
| Баткен | - | - | 41,78 | -0,52 | 43,45 | -0,23 |
| Ош | 43,14 | -0,82 | 41,06 | -1,80 | 41,76 | 0,09 |
| Талас | 41,83 | -0,83 | 37,81 | -0,30 | 36,90 | -0,66 |
| Токмок | 41,90 | -0,97 | 38,84 | -0,29 | 39,05 | - |
| Кара-Балта | - | - | 39,39 | -0,58 | 39,05 | -0,35 |
| Республика боюнча орточо | **42,21** | **-0,45** | **39,68** | **-0,78** | **40,15** | **0,31** |

***Булак:****Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети.*
*«–» -товардын жок болушу*

2013-жылдын 21-январына карата Кыргызстандагы бензинге (АИ-92 и АИ-95) болгон орточо баа 2012-жылдын декабрына салыштырмалуу 31 тыйынга бир аз төмөндөгөн, ал эми 2012-жылдын январь айынын орточо бааларына салыштырганда 3,4-4,1 сомго көбөйгөн. Дизель отунунун баасы республика боюнча 2012-жылдын декабрь айынын бааларына карата көбөйүп, 2012-жылдын январь айына карата 2,7 сомго көбөйгөн.

Кыргызстандын Нефтетрейдерлер ассоциациясынын президенти Ж. Акенеевдин сөзү боюнча, Кыргызстан 2013-2015-жылдарда Евро – 3, Евро – 4, Евро – 5 стандартындагы бензинин колдонууга өтөт. Бирок Россияда мындай стандарттарды мунайды кайрадан иштеп чыгуучу заводдордун 16нын ичинен 6сы гана чыгарат. Евро – 3 болжол менен А-95 жана А-98 бензиндерине, Евро-4 А-98 бензинине дал келет. Мында бензиндин аталган стандарттарына өтүүдө баалар жогорулабайт жана алар бир кыйла экологиялык жактан таза.

Кыргызстандын нефтетрейдерлер ассоциациясынын билдирүүсү

боюнча, бир багыттуу тартипте өткөрүү темир жол пункттарынын жабылышынан улам, кыргыз-өзбек чек арасында Кыргызстанга өткөрүү темир жол пункттары аркылуу күйүүчү-майлоочу майы менен 74 цистерна өтө албайт. Ассоциациянын президентинин айтуусу боюнча, вагондор бир нече күн туруп калат. Кыш мезгилинде, коопсуздук максатында отун темир жол менен жөнөтүлөт. Чек арада республикага курулуш материалдары, тамак-аш азыктары жана башка менен келген 500дөн ашык вагондор кармалып туруп калат. Азырынча Кыргыз Республикасында күйүүчү-майлоочу майлар менен камсыз болуу абалы туруктуу: отундун бир айлык запасы бар.

**Жаратылыш газы**

***Кыргызстан***

"Кыргызгаз" ААКсынын билдирүүсүнө караганда, 2013-жылдын январь айында газдын наркы түндүк Кыргызстандын жашоочулары үчүн 3 тыйынга жогорулаган жана бир кубометр үчүн 14,76 сомду түзгөн. 2012-жылдын декабрь айында бир кубометр үчүн 14,73 сомду түзгөн. Мындай жогорулоо АКШ долларынын курсунун бир аз өсүшү менен байланышкан.

"Газпром" ААКсынын Маалымат башкармалыгынын билдирүүсү боюнча, "Кыргызгаз" ААКсынын 100 пайыз акциясын 75 пайыздын ордуна россиялык "Газпромдун" сатып алуу маселеси али чечиле элек. Ишкананы 38 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү карыздын төлөнүшүн эске алуу менен, 1 АКШ долларына бааланган.

2013-жылдын биринчи чейрегинде Казахстан Кыргызстанга жаратылыш газын 2012-жылдагы ушул сыяктуу баа менен (1 миң кубометр үчүн 224 АКШ доллары) өтүп жаткан жылдын кийинки чейректери үчүн келишим мөөнөтүнүн узартуу мүмкүнчүлүгү менен экспорттойт. Эки өлкөнүн элчилеринин сүйлөшүүлөрүнүн убагында келишүүгө жетишкен. Бирок Кыргызстанга жаратылыш газын берүүнү кечеңдетүүнүн олуттуу себеби болуп, Кыргызстандын 2013-жылдын 21-январына карата Казахстан жана Өзбекстанга 4 854 миң АКШ доллар өлчөмүндө карызы эсептелет.

**Электроэнергия**

***Кыргызстан***

Каралып жаткан мезгил ичинде электрэнергиясын керектөөнүн өсүшү уланууда, бул сезондук фактор менен шартталган.

"Кыргызстандын улуттук электр тармактары" ААКсынын басма сөз кызматынын билдирүүсү боюнча, 2013-жылдын 12-январында казахстандык энергосистемасындагы авариялык өчүрүүлөрдөн улам, Борбордук Азиядагы Бириккен энергосистеманын ишенимдүүлүк схемасы начарлаган. Казахстандык энергетиктер тарабынан борбордук-азиялык шакектин элементи болгон Жамбыл-Шымкент 500 киловольт линиясынын өчүрүлүү себебин аныктоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Кыргыз Республикасынын энергетика жана өнөр жай министрлигинин билдирүүсү боюнча, коомдук талкууга энергетикалык тармакты лицензиялоо чөйрөсүндөгү токтомдун долбоору коюлат. Долбоор энергетикалык сектор субъектилеринин ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу максатында иштелип чыккан. Өкмөттүн маалыматы боюнча, энергетикалык тармакты лицензиялоо чөйрөсүндөгү ченемдик актыларга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Бул өзгөртүүлөр энергосекторунда чыныгы атаандаштыкты түзүүгө жана жеке жабдууга (трансфарматордук чакан станциялар жана/же электрөткөрүү линияларына) ээ болбогон, электроэнергия рыногунда иш жүргүзгөн субъектилерди алып салууга багытталган. Бул болсо өз кезегинде жабдуулардын ээлерине кубаттулукту көбөйтүү, түйүндөрдү кеңейтүү жана инвестицияларды тартуу жолу менен керектөөчүлөрдү электр энергиясы менен камсыз кылууда толук катышуу мүмкүнчүлүгүн аныктоого мүмкүндүк берет.

Кыргызстанды өнүктүрүү стратегиясын жакынкы 5 жылга ишке ашыруу алкагында энергетикада экспорттук потенциалды жогорулатуу жана энергия менен камсыз кылуу ишенимдүүлүгүн күчөтүү долбоорлорун киргизүү пландаштырылган. Көбүнчө ТЭОну жана Камбарата ГЭС-1 куруу иштерин аяктоо, ошондой эле экинчи жана үчүнчү агрегаттарды ишке киргизүү боюнча Камбарата ГЭС-2 куруу, ГЭСтин Жогорку-Нарын каскаданын куруу пландаштырылууда.

2013-жылдын 21-январына карата абал боюнча Токтогул суу сактагычынын суу көлөмү 13,9 млрд. кубометрди түзгөн. Бул 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 14,8 пайызга төмөн.

**График 5: Urals 01.01.2010 дан – 20.01.2013ге чейин**




**График 6: Urals 20.12.2012 дан – 20.01.2013 ге чейин**




**График 7: Brent 01.01.2010 дан – 20.01.2013ге чейин**




**График 8: Brent 20.12.2012 дан – 20.01.2013 ге чейин**




**График 9: WTI 01.01.2010 дан – 20.01.2013ге чейин**




**График 10: WTI 20.12.2012 дан – 20.01.2013 ге чейин**

